Кырг
83.8
С 59

Жыргал Сокурова

# ЫНАК ДОСТОР



Кырг
83.8
С 59

Жыргал Сокурова

# ЫНАК ДОСТОР



*Сүрөтчү*

Күльнар Рымбек

Бишкек 2023

Кечээ жамгыр аябай катуу жаады. Күн ачылганы менен, аба ырайы суук. Жылуу кийинип, мектебиме жөнөдүм. Келе жатып бадалдын түбүндө кыбырап жаткан бир нерсеге көзүм түштү. Жакшылап карасам, күчүк экен. Калчылдап үшүп, аянычтуу кыңшылайт.



Акырын колума алып, мектебиме кетеримди, же үйгө барарымды билбей туруп калдым.



– Ай бала, эмне турасың? Же ары бас, же бери бас, жолтоо болбо! – деген үндү угуп артыма бурулсам, Асан байке экен. Ал мектептин кароолчусу, айлананы шыпыруу да анын милдети эле.

– Асан байке, күчүк таап алдым. Аябай үшүп калыптыр, ачка да окшойт. Таштап салсам убал го…

– Ай бала, күчүктү коюп, сабагыңа кир. Бирөө атайылап таштап кетти да.

– Байке, сиздин бөлмөңүзгө коё турайынчы. Сабактан кийин сөзсүз алып кетем.

– Мен мектепти кайтарамбы, же сенин күчүгүңдү кайтарамбы?!

Асан байкенин кабак бүркөгөнүн көрүп ыйлагым келип кетти.

– Байке, анда мугалимден суранып чыгайын. Беш эле мүнөт калтырып турайынчы, жаныңызга. Бат эле келем, байке!

– Ай бала, эмне турасың? Же ары бас, же бери бас, жолтоо болбо! – деген үндү угуп артыма бурулсам, Асан байке экен. Ал мектептин кароолчусу, айлананы шыпыруу да анын милдети эле.

– Асан байке, күчүк таап алдым. Аябай үшүп калыптыр, ачка да окшойт. Таштап салсам убал го...

– Ай бала, күчүктү коюп, сабагыңа кир. Бирөө атайылап таштап кетти да.

– Байке, сиздин бөлмөңүзгө коё турайынчы. Сабактан кийин сөзсүз алып кетем.

– Мен мектепти кайтарамбы, же сенин күчүгүңдү кайтарамбы?!

Асан байкенин кабак бүркөгөнүн көрүп ыйлагым келип кетти.

– Байке, анда мугалимден суранып чыгайын. Беш эле мүнөт калтырып турайынчы, жаныңызга. Бат эле келем, байке!

– Болуптур эми, чурка!

Мен мугалимден бир саатка сурандым да, кайра артка чуркадым.



Асан байке:

– Мунуң аябай үшүп калыптыр. Ме, эптеп үйүңө жеткир, буга ороп ал – деп тактай жууй турган жаңы чүпүрөктөн бирди колума карматты.

Чуркаган бойдон үйгө алып келдим да, иниме аябай дайындап, кайра мектепке жөнөдүм.

Оюмдун баары таап алган күчүгүмдө болуп жатты. «Атын кандай койсом? Апам эмне деди экен? Мен баргыча өлүп калсачы? Иним сүт берди бекен?»

Сабак бүткүчө ушинтип ойлоно бердим. Сабак аяктаар замат эч нерсеге карабай үйгө чуркадым. Келсем, күчүгүм кагаз кутучанын ичинде жылуу, жумшак жаткан экен. Калчылдаганы басылып, мемиреп уктап жатат.

– Күчүгүңө сүт берип, жылуу жаткырып койдук. Эми кепе жасап, ошол жакка баккыла, – деди апам.

Иним экөөбүздүн эртеден кечке эрмегибиз – Кумайык. «Иттин мыктысы Кумайык болот» деп атам күчүгүбүзгө ушундай ат коюп берди. Кумайыктын күндөн-күнгө өнөрү чыгып, биз менен алышып ойнойт. Ар кайсы жеринде ак темгилдери бар кара күчүк күндөн-күнгө көркүнө чыгып келе жатат. Акылдуусун айтпа, жөндөн-жөн үрө бербейт. Чоочун малды короонун четине да жолотпойт.



Андан да кызыгы, Чокчолой баатыр менен дос болуп алды. Жомоктон улам таргыл мышыкты Чокчолой деп атап алганбыз. Каадаланып кериле баскан, муруттары узун, чоң мышык. Өзүн биздин үйдүн падышасындай эле сезет.



Эртели-кеч эшикке кирип-чыгып, тамак жеген сайын оозу-мурдун, бетин тазалап, жуунуп турат.

Сүткө тоюп, мойтолоңдойгон Кумайык Чокчолойду көрүп, аны менен ойногусу келгендей алдынан тосо чыкты. Чокчолой



анын кичинекей экенин сездиби же теңине алган жокпу, тоготпой өтүп кетти. Күчүк болбой эле мышыктын ары жагына бир чыгат, бери жагына бир чыгат. Бир убакта куйругунан тиштегилеп калды.



Чокчолой адатынча мурдун бырыштырып, муруттарын бириндетип баратып, бурулуп басып кетти.



РБДЮ им. ...
ИНВ № 36099б/п

Ошол күндөн баштап экөө ынак боло баштады. Кумайык адатынча Чокчолой менен кубалашып ойнойт. Чокчолой тажаганда, терекке же тамдын башына чыгып кетет. Кумайык Чокчолой жерге түшкөнчө чаңкылдап үрүп күтө берет. Кээде алар чогуу уктап да калышат.

Күчүк бизди ээрчип кетсе, Чокчолой издеп, мыёолоп, короону айланып келет экен. Тамак куюп берсең, экөө бири-бирин күтүп калышат.

– Ой, тобо-о! Башка жаныбарлардын дос болгонун көрдүм эле, ит менен мышыктын дос ынак болгонун деги эле көргөн эмесмин, – деп апам таң калып көп айтчу болду.

Мына, Чокчолой чыгып келе жатат, кызыктын баары эми башталат…



36099 б/ф

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

РБДЮ
36099 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Жыргал Сокурова**

*Сүрөтчү*
**Күльнар Рымбек**

*Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот*

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

*ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233*
*Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А*
*imakofset.kg*